Макулдашылды

Кесиптик бирликтин

Төрагасы __________Чыналиев Н .К.

Бекитемин

Мектеп директору

__________ Юсупалиева А.

# - ИНТЕРНАТТЫН МУГАЛИМДЕРИНИН КЫЗМАТ НУСКАМАСЫ

## I МИЛДЕТТЕРИ.

1.1 интернаттын уставында көрсөтүлгөн талаптарга жана ички тартибинин негизинде иш алып барат.

1.2 Ата-энелердин даттануулары боюнча чыр чатакты териштирүүгө катышат.

1.3 Мектептин администрациясынын чечимдерине жана буйруктарын аткарууга милдеттүү.

1.4 Жумуш учурунда окуу – тарбия иштери боюнча гимназия – интернаттын директорунун орун басарына толугу менен баш ийет.

1.5 Класста окуу – тарбия иштерин уюштурат.

1.6 Окуучулардын укугун жана кызыкчылыгын коргойт.

1.7 Окуучулар жана мугалимдердин арасында педагогикалык этиканы сактайт.

1.8 Мектепти өнүктүрүү иштерине катышат.

1.9 Мектептин иш кагаздарын туура жана убагында толтурат.

1.10 Педагогикалык советтин жыйындарына катышат, пед. консилиумдарга, бирикмелердин жыйындарына жана усулдук семинарга катышат.

1.11 Класс арасында Кыргыз Республикасынын гимнин жана башка символикаларын окуп үйрөнүү иштерин, адамкерчиликке, гумандуу жана боорукерликке, толеранттуулукка, мамлекеттик программалар жана кыргыз элинин жана Кыргыз жеринде жашап жаткан башка улуттурдын үрп-адаттарын, салттарын, жөрөлгөлөрүн окуп үйрөнүү иштерин уюштурат.

1.12 Мамлекеттик Билим берүү стандартынын негизинде окуу пландарын жана программалардын окуучулар тарабынан өздөштүрүүсүн ишке ашырат жана анализдейт.

1.13 Окутуу боюнча жаьы технологияларды жайылтат.

1.14 Окуучулар арасында чейректик жана жылдык аттестацияларды өткөрөт.

1.15 Ата – энелер менен иш жүргүзөт.

1.16 Жогорку деңгээлде сабактарды өткөрүү, сабактан жетишпеген, ооруп калтырган окуучулар арасында консультациялык сабактарды өтөт.

1.17 Окуучуларды олимпиадаларга жана конкурстарга катышуусун уюштурат, даярдайт.

1.18 Класс арасында окуучулардын жеке – психологиялык өзгөчөлүктөрүн, тартибин, жүрүш-турушун, катышуу-жетишъэсэн көзөмөлдөйт.

1.19 Квалификациясын жогорулатуу курсуна өзүнүн квалификациялык категориясын жогорулатуу аттестациясына катышуусун камсыз кылат.

1.20 Билим берүү мекемелеринде материалдык – техникалык базанын, техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышын, окуучулардын санитардык – гигиеналык режимин көзөмөлдөө.

1.21 Жаш өспүрүмдөрдън укугун коргоо боюнча талаптарды уюштурууну камсыз кылат.

1.22 Окуучулардын окуу куралдары, окуу – усулдук адабияттар менен камсыз болушун жана алардын сакталына көзөмөл жүргүзөт.

1.23 Окуучунун класстан тышкаркы иштер боюнча, сабак учурунда жана өзүнүн жоопкерчилигиндеги окуучулар мектепте жүргөн убагында алардын өмүрүнө жана ден соолугуна жекече жоопкерчилик милдеттендирилет.

## II БИЛИШ КЕРЕК:

2.1 Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мамлекеттик символикаларын, Билим берүү жөнүндө законун

2.2 Жогорку жетекчиликтин жана башка мамлекеттик мекемелеринин окуу - тарбия иштерине тиешелүү чечимдерин.

2.3 Өз компетенциясына тиешелүү иш кагаздарын түзүүнү жана отчет берүүнү.

2.4 Балдарды окутуп тарбиялоо боюнча Улуттук жана дүйнөлүк педагогиканын илимий - практикалык эрежелерин, нормаларын.

2.5 Балдардын укугу боюнча конвенцияны.